**Жетекчинин пикири**

14.01.23 – урология (медициналык илимдер) адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн Кутболсун уулу Уланбектин «Урук безинин коштондусундагы кистоздук өзгөрүүлөрдү дарылоодогу тактикалык ыкмалар жана фертилдүүлүктүн бузулушун баалоо» темадагы диссертациялык иши үчүн.

Кутболсун уулу У «Урук безинин коштондусундагы кистоздук өзгөрүүлөрдү дарылоодогу тактикалык ыкмалар жана фертилдүүлүктүн бузулушун баалоо» деген темада диссертациялык ишин И.К Ахунбаев атындагы КММАнын дипломго чейинки жана дипломдон кийинки урология жана андрология кафедрасында бүтүргөн.

Бул диссертация урология жана андрологиянын актуалдуу проблемасына – эркектердин урук безинин коштондусундагы кистоздук өзгөрүүлөрдү комплекстүү дарылоосуна арналган.

Кутболсун уулу Уланбектин түздөн-түз катышуусу менен диссертациялык изилдөөнүн планы түзүлүп, максат коюлуп, милдеттер аныкталып, жыйынтыктар чыгарылды.

Диссертациянын клиникалык бөлүгүндө илимий иштин ээси проспективдүү этапка кирген баардык пациенттерге мониторинг жүргүзгөн. Диагноз коюунун баардык диагностикалык минималдуу ыкмалары (УЗИ, нурлануу ыкмалары), урук безинин коштондусунун кистоздук ооруларын комплекстүү дарылоонун сунушталган ыкмасын иштеп чыгуу жана өркүндөтүү, алгоритмди колдонуу, алынган маалыматтарды статистикалык жактан өз алдынча иштеп чычууну аспирант жеке өзү аткарган.

13.01.2020-жылдан ушул убакка чейин Билим берүү жана илим министрлигинин И.К.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясында М.Т.Тыналиев атындагы дипломго чейинки жана дипломдон кийинки урология жана андрология кафедрасында асситенти болуп эмгектенип келет.

Чет элдик студенттердин мугалими катары күнүмдүк ишинде жаңы билимди жана шыктарды өздөштүрүүдөгү кызыгуусун жана туруктуулугун көрсөттү. Укканды жана пайдалуу кеңеш бергенди билет. Ал өзүн жоопкерчиликтүү, ак ниет жумушчу катары көрсөттү. Жоопту, абийирдүү, ар дайым жардам берүүгө даяр. Кесиптештеринин арасында авторитеттүү.

Бейтаптар жана кесиптештери менен баарлашууда деонтологиянын негиздерин сактайт, коллективдин коомдук иштерине активдүү катышат. Ишине кылдат мамиле жасап, профессионалдык деңгээлде аткарат.

Кутболсун уулу У командада иштөө жөндөмүнө ээ. Ал мыкты коммуникация жөндөмүнө ээ жана абдан тартиптүү.

Кутболсун уулу У изилдөө жүргүзүүдө изилдөөчүгө керектүү методикалык сапаттарга ээ; диссертацияда коюлган илимий маселени чечүүдө

жогорку кесипкөйлүгүн көрсөттү.

Диссертациянын темасы боюнча 6 макала Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Улуттук аттестациялык комиссия тарабынан сунушталган рецензиялануучу илимий-мезгилдүү басылмалардын тизмесиндеги басылмаларга жарыяланган.

Диссертациялык иш актуалдуулугу, жаңылыгы, методикалык деңгээли жана илимий-практикалык мааниси боюнча талаптарга жооп берет. КР УАКнын илимий даражаларды жана наамдарды ыйгаруу тартиби жөнүндө жобосу" кандидаттык диссертациялар үчүн талап кылынган жана автордун өзү 14.01.23 – урология адистиги боюнча илимдин кандидаты деген илимий даражага татыктуу.

**Илимий жетекчи**
**И.К Ахунбаев атындагы КММАнын**
**урология кафедрасынын башчысы**
**м.и.д., профессор** **Усупбаев А.Ч**
**КР УИА Мүчө-корр.**

Общий отдел
И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы
Кыргызская государственная медицинская академия имени И. К. Ахунбаева

Подпись Усупбаева А.Ч. заверяю
зав. общим отделом
И.К. АХУНБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНАЛЫК АКАДЕМИЯСЫ
КЫРГЫЗСКАЯ ГОСУДАРСТВЕННАЯ МЕДИЦИНСКАЯ АКАДЕМИЯ ИМ. И.К. АХУНБАЕВА
24.10.2024 г.